# Окуучунун ар-намыс кодекси:

Мен, Кыргыз Республикасынын окуучусу
- Кыргыз Республикасынын Конституциясын билүүгө.
-Көз каранды эмес Кыргызстандын символикасын: Гимн, Герб жана Желегин билүүгө жана сыйлоого,
-Жараны болуу менен бирге өз Мекенибизди сүйүүгө, өз милдетибизди аткарууга, Манастын 7 осуяты боюнча жашоого, чынчыл жана адилеттүү болууга.
- Улууларды, мугалимдерди жана ата-энелерди сыйлоого,кичүүлөргө үлгү болууга.
- Өз билимимди өркундөтүүгө, тартиптүү, билимдүү болууга.
- Өз тилибизди сүйүүгө, башка улуттун жана өлкөнүн тилин, маданиятын үйрөнүүгө.
- Конституцияда, Конвенцияда айтылгандай ,өз укуктарымды жана милдеттеримди аткарууга.
- Өзүм жөнүндө кам көрүүгө, ден-соолукту чыңдоого, чыгармачылыгымды өркүндөтүүгө.
- Мыктылардын катарына кошулууга, начарларды колдоого,аларга жардам берүүгө.
- Ойлонуп иш кылууга.
- Жакшылыктарды кылууга.
- Толеранттуулукту өздөштүрүү үчүн : башка элдин үрп-адаттарын сыйлоого, урматтоого , чыдамкай болууга жана ар нерсени калыстык менен чече билүүгө жетишүү.
- Кыргызстанда жашаган элдин салтына, элдин үрп-адатына демократиялык традициянын көз карашы менен кароого милдеттенем.